**Кыргыз Республикасынын**
**шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча борбордук комиссиясынын төрайымы**
**Шайлдабекова Нуржан Кармабековнага**

**Өзгөн шаардык кеңешинин**
**«Ата-Журт Кыргызстан» саясий**
**партияларынын депутаттарынын**
**жана талапкерлеринин атынан**

**Арыз**

Биз «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын депутаттары жана кандидаттары БШКнын чыгарган 2022-жылдын 5-майындагы №59 Токтомундагы, Өзгөн шаарынын депутаттары Абдурахманов Махмуджан Машрапжанович жана Мамазайитов Арапжан Жомолдиновичтерге жүйөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңешинтин жыйналыштарында бир жыл ичинде төрт жолудан ашык катышпоосу себебтүү мандатын алуу деген Токтомуна наразыбыз, себепи депутат М.Абдурахманов Кыргыз Республикасынын аймагындан сыртта болгондугуна жана ден соолугуна байланыштуу даарылануу да болгодугу себебтүү катыша албаган. Жогоруда айтылгандардын бардыгын тийиштүү аныктамалары бар. А.Мамазайитов сессия болгон күндөрүү апасы менен атасынын ден соолугуу начарлап дарылануда болуп жана атасын каза болгондугуна байланыштуу келе албагандыгын тастыктайбыз, тийиштүү аныктамалар бар экендигин билдиребиз. Бул депутаттардан шаардык кеңештин төрөгасы жана анын аппарат кызматкерлери тарабынан депутаттарды эмне үчүн келбегендигин аныктап аларга эч кандай эскертүү берилген эмес. Же болбосо эч кандай негиздүү маалымат жок эле сессияга киргизиб салган. Бирок VII чакырылыштын X сессиясында колдоо тапкан эмес.

Сессияга катышкан 27 депутаттан 13 макул, 14 каршы болгон бул маалыматты X-сессиясынын видео тасмасы далилдеп турат ошого карабай шаардык кеңештин төрөгасы жана аппараты депуттар Абдурахманов Махмуджан Машрапжанович жана Мамазайитов Арапжан Жомолдиновичтерди мандаттан ажратуу туралу токтом чыгарып АШКга кат жиберген.

Бир сөз менен айтканда шаардык кеңештин төрөгасы жана аппараты туура мыйзамдуу иш алып барбаган. Өздөрүнүн жеке

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
Кириш / Входящий № 02-14/933
«31» 05 2022 ж/г

кызыкчылыгыны ойлоп маселеге аделетүүлүк менен карабай кландык башкаруунун көзүнө карап иш алып барган. Өзгөн шаардык кеңештин төрөгасы аталган депуттарга жеке таарынычы бар экендиги, анын себеби алар чындыкты сүлөгөндүгү оппозиция азчылыктын лидерлери болгону. Өзгөн шаардык кеңешинин төрөгасынын баардык иш аракеттери туура эмес сессияда мыйзамсыз токтомдорду кабыл алгандыгы көрсөтүп турат.

13 депутат АШКга жазуу жүзүндө 2022-жылдын 20-апрелидеги №5 токтомун жокко чыгарып берүүнү сурап кайрылганбызда «Жергилүктүү кеңештерди депуттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 3 беренесине ылайык Өзгөн шаардык кеңешинин чыгырган токтомдорун кайрадан кароо жагы Өзгөн аймактык шайлоо камиссиясынын милдетине кирбегендиктен арз даттануулар тууралуу Өзгөн шаардык кеңешинине кайрылуу керек экендиги билдирилген. Шаардык кеңештин аппаратына кат жүзүндө кайрылганыбызда белгиленген мөөнөтөө жазуу жүзүндө маалымат берген жок (карылуулар жана жооптор тиркелет).

«Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын депутаттары жана талапкерлери депуттар А.Абдурахманов жана А.Мамазаитовлардын мандаттаарын кайра кайтарып берүүңүздү суранабыз.

| «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын депутаттары | «Ата-Журт Кыргызстан» саясий партиясынын кезектеги талапкерлери |
|---|---|
| Мавлянов Х. | Иманов Й. |
| Кодиркулов Н. | Абдумаликов Я. |
| Камбаров С. | Абдукаимов Н. |
| Мамазаитов А. | Хамзаев Умит |
| Эргешева Л. | Рахманбердиев М |
| Абдурахманов М. | Хабибуллаев М. |
| Шарипов Б. | Усмонов Р. |
| Султанов А. | Юсупов О. |
| Рахимов Р. | Хабибуллаев М |
| | Абдурахманов Х.М. |

26.05.2022

0557 64 02 01